**Утвержден**
**Протоколом Внеочередного**
**Общего Собрания Акционеров**
**№04-25 от 15 декабря 2025 года**

**Акционерлердин Жалпы**
**Кезексиз Чогулушунун**
**2025-жылдын 15-декабрындагы**
**№04-25 протоколу менен**
**бекитилди**

Байлык Финанс

# «Байлык Финанс» МКК ЖАКтын Корпоративдик башкаруу кодекси

# Кодекс корпоративного управления ЗАО МКК «Байлык Финанс»

**Бишкек 2025**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Ушул «Байлык Финанс» МКК ЖАКтын Корпоративдик башкаруу кодекси (мындан ары «Кодекс») Кыргыз Республикасынын «Акционердик коомдор жөнүндөгү» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Корпоративдик башкаруу кодексине Кыргыз Республикасынын каржы тармагын жөнгө салуу жана көзөмөлдөө Мамлекеттик кызматынын 2020-жылдын 30-декабрындагы №263-П буйругуна, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары «КРУБ») ченемдик актыларына ылайык, корпоративдик башкаруунун эл аралык практикасын, этикалык ченемдерди жана «Байлык Финанс» МКК ЖАКтын (мындан ары «Компания») ишмердүүлүгүнүн шарттарын эске алуу менен иштелип чыккан.

1.2. Ушул Кодекс Компаниянын максаттарына жана ишмердүүлүгүнө ылайык келген корпоративдик башкаруунун негизги принциптерин аныктайт, Компаниянын корпоративдик баалуулуктарын бекитет жана алардын негизинде Компанияда кабыл алынган акционерлердин, башкаруу органдарынын, кызматтык жактарынын жана Компаниянын кызматкерлеринин, ошондой эле башка кызыкдар тараптардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салуучу эң маанилүү эрежелерди аныктайт.

1.3. Ушул Кодекс акционерлердин, кредиторлордун жана Компаниянын кардарларынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын натыйжалуу коргоого, Компанияда чечим кабыл алуунун ачык-айкындуулугун, кесипкөйлүккө жана этикага негизделишин камсыздоого багытталган.

1.4. Ушул Кодекс Компаниянын ички документи болуп эсептелет, Акционерлердин Жалпы Чогулушу тарабынан бекитилет жана Акционерлердин Жалпы Чогулушунун чечими менен өзгөртүлүшү, толукталышы же күчүн жоготту деп табылышы мүмкүн.

1.5. Ушул Кодекстин жоболору Директорлор Кеңешинин, Шарияттык Кеңештин чүчөлөрүнө, Башкы Директорго, Корпоративдик катчыга жана Компаниянын бардык кызматкерлерине жайылтылат.

## 2. КОРПОРАТИВДИК БАШКАРУУ

2.1. Натыйжалуу корпоративдик башкаруу Компаниянын туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуунун, анын стратегиялык максаттарына жетүүнүн эң таасирдүү каражаттарын аныктоонун жана колдонуунун маанилүү шаймандарынын бири болуп саналат, ошондой эле акционерлер жана башка кызыкдар тараптар тарабынан Компаниянын ишмердүүлүгүнө натыйжалуу көзөмөл жүргүзүүнү камсыз кылат.

## 1. ОБЩИЕ ПОЛОЖЕНИЯ

1.1. Настоящий Кодекс корпоративного управления ЗАО МКК «Байлык Финанс» (далее по тексту «Кодекс») разработан в соответствии с Законом Кыргызской Республики «Об акционерных обществах», Кодексом корпоративного управления Кыргызской Республики, одобренным приказом Государственной службы регулирования и надзора за финансовым рынком от 30 декабря 2020 года №263-П, нормативными актами Национального банка Кыргызской Республики (далее по тексту «НБКР»), с учетом сложившейся международной практики корпоративного управления, этических норм и условий деятельности ЗАО МКК «Байлык Финанс» (далее по тексту «Компания»).

1.2. Настоящий Кодекс определяет основные принципы корпоративного управления Компании, соответствующие ее целям и деятельности, закрепляет корпоративные ценности Компании и определяет основанные на них и принятые в Компании наиболее важные правила, регулирующие взаимоотношения между акционерами, органами управления, должностными лицами и сотрудниками Компании, а также с другими заинтересованными сторонами.

1.3. Настоящий Кодекс нацелен на обеспечение эффективной защиты прав и законных интересов акционеров, кредиторов и клиентов Компании, прозрачности, профессиональной и этической основы принятия решений в Компании.

1.4. Настоящий Кодекс является внутренним документом Компании, утверждается Общим Собранием Акционеров и может быть изменен, дополнен и признан утратившим силу по решению Общего Собрания Акционеров.

1.5. Положения настоящего Кодекса распространяются на членов Совета Директоров, Шариатского Совета, Генерального Директора, Корпоративного секретаря и всех работников Компании.

## 2. КОРПОРАТИВНОЕ УПРАВЛЕНИЕ

2.1. Эффективное корпоративное управление является одним из важных инструментов обеспечения стабильного развития Компании, определения и применения наиболее действенных средств достижения ее стратегических целей, а также установления эффективного контроля за деятельностью Компании со стороны акционеров и других заинтересованных лиц.

2.2. Компаниядагы корпоративдик башкаруу адилеттүүлүк, чынчылдык, жоопкерчилик, айкындуулук, кесипкөйлүк жана компетенттүүлүк принциптеринде куралат, ал эми бул сапаттарды көрсөтүү Компанияны башкаруу жана анын ишин жүргүзүү процессинде күнүмдүк практика болуп саналат.

2.3. Компаниядагы корпоративдик башкаруу практикасы бардык кызыкдар тараптардын укуктарын жана кызыкчылыктарын урматтоону талап кылат жана Компаниянын ийгиликтүү ишмердүүлүгүнө, анын ичинде тармактык наркынын өсүшүнө жана узак мөөнөттүү келечекте каржылык туруктуулугун камсыз кылууга өбөлгө түзөт.

2.4. Компаниядагы натыйжалуу корпоративдик башкаруунун негизги компоненттери:

- Компаниянын башкаруу органдарынын ортосунда ыйгарым укуктарды, компетенция маселелерин жана жоопкерчиликти бөлүштүрүү, Директорлор Кеңешинин жана Компаниянын аткаруу органынын натыйжалуу ишмердүүлүгүн уюштуруу;
- Компаниянын ишмердүүлүгүн өнүктүрүү стратегиясын аныктоо жана бекитүү, анын ишке ашырылышына көзөмөл жүргүзүү;
- ички көзөмөл жана тобокелдиктерди башкаруунун натыйжалуу системасын түзүү, ошондой эле кызыкчылыктардын кагылышуусун алдын алуу;
- кесипкөйлүк этиканын стандарттарын аныктоо жана сактоо;
- Компаниянын ишмердүүлүгүнүн айкындуулугун камсыз кылуу.

## 3. АКЦИОНЕРЛЕРДИН УКУКТАРЫ ЖАНА АКЦИОНЕРЛЕРГЕ АДИЛЕТ МАМИЛЕ

3.1. Компанияда корпоративдик башкаруу акционерлердин укуктарын коргоого жана бардык акционерлерге, анын ичинде миноритардык жана чет өлкөлүк акционерлерге бирдей шарттарда адилет жана тең мамиле жасоо максатында түзүлгөн. Акционерлердин укуктарын натыйжалуу жана тең салмактуу коргоо механизмдери Компаниянын акционерлери менен башка кызыкдар тараптардын да, Компания менен кызыкдар тараптардын ортосунда да жогорку деңгээлдеги ишенимди камсыз кылат.

3.2. Акционерлердин укуктары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен аныкталат жана Компаниянын Уставында бекитилет.

3.3. Акционерде жөнөкөй же артыкчылыктуу акция менен тастыкталган белгилүү укуктардын болушу Компаниянын уставдык капиталына ылайык үлүштүн толук төлөнүшү менен шартталууга тийиш.

2.2. Корпоративное управление в Компании строится на принципах справедливости, честности, ответственности, прозрачности, профессионализма и компетентности, а проявление этих качеств является каждодневной практикой в процессе управления Компанией и ведения ее дел.

2.3. Практика корпоративного управления в Компании требует уважения прав и интересов всех заинтересованных лиц и способствует успешной деятельности Компании, в том числе росту ее рыночной стоимости и поддержанию финансовой стабильности в долгосрочной перспективе.

2.4. Основными компонентами эффективного корпоративного управления в Компании являются:

- распределение полномочий, вопросов компетенции и подотчетности между органами управления Компании, организация эффективной деятельности Совета Директоров и исполнительного органа Компании;
- определение и утверждение стратегии развития деятельности Компании и контроль за ее реализацией;
- создание эффективной системы внутреннего контроля и управления рисками, а также предотвращение конфликта интересов;
- определение и соблюдение стандартов профессиональной этики;
- обеспечение прозрачности деятельности Компании.

## 3. ПРАВА АКЦИОНЕРОВ И СПРАВЕДЛИВОЕ ОТНОШЕНИЕ К АКЦИОНЕРАМ

3.1. Корпоративное управление в Компании построено с тем, чтобы защищать права акционеров и обеспечивать справедливое и равное отношение при равных условиях ко всем акционерам, включая миноритарных и иностранных акционеров. Механизмы эффективной и соразмерной защиты прав акционеров обеспечививают высокий уровень доверия как между акционерами Компании и иными заинтересованными лицами, так и между Компанией и заинтересованными лицами.

3.2. Права акционеров определяются действующим законодательством Кыргызской Республики и закреплены в Уставе Компании.

3.3. Наличие у акционера определенных прав, удостоверенных простой или привилегированной акцией, должно быть обусловленным полной оплатой

3.4. Компания айрым акционерлердин кызыкчылыктарын канааттандырууга укуксуз, эгерде бул башка акционерлердин укуктарынын бузулушуна же алардын кызыкчылыктарынын чектелишине алып келсе. Компания бардык акционерлерге өз укуктарын натыйжалуу коргоо жана Компания тарабынан алардын укуктарынын бузулушунан келип чыккан зыянды калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

3.5. Компания акционерлерге Жалпы Акционерлер Чогулушуна катышуусу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө, анын ичинде биргелешкен позицияны иштеп чыгуусуна, аракеттерди координациялоо жана добуш берүүгө коюлган бардык маселелер боюнча өз оюн билдирүүсүнө мүмкүнчүлүк түзөт.

3.6. Компания акционерлерди алдыдагы Жалпы Акционерлер Чогулушу жөнүндө маалымдоо, ошондой эле күн тартибинин маселелери боюнча материалдарды берүү тартибин жана шарттарын бекитет жана сактайт. Бекитилген тартип акционерлерге жыйынга катышуусуна натыйжалуу даярдануу жана даярдык көрүүнүн бардык баскычтарында Компанияга суроолорду берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат. Бул тартип тууралуу маалымат жалпыга жеткиликтүү болот.

3.7. Компания акционерлерге Жалпы Акционерлер Чогулушунун күнү, убактысы жана өткөрүлүүчү жери, ошондой эле күн тартиби жана ар бир маселе боюнча негиздүү пикир түзүүгө зарыл болгон материалдар жөнүндө өз убагында жана толук маалымат берет. Жалпы Акционерлер Чогулушунун өткөрүлүшү тууралуу акционерлерди кабардар кылуу Кыргыз Республикасынын «Акционердик коомдор жөнүндө» Мыйзамына ылайык жүргүзүлөт.

3.8. Компанияга акционерлердин Жалпы Акционерлер Чогулушуна даярдык көрүүсүндө өз ара аракеттенүүсүнө тоскоолдук кылбайт.

3.9. Жалпы Акционерлер Чогулушун өткөрүү тартиби бардык катышуучулар үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат: өз оюн айтууга, суроо берүүгө жана добуш берүүгө катышууга.

3.10. Компания ар бир акционерге же анын добуш берүүгө укуктуу ыйгарым укуктуу өкүлүнө бул укукту тоскоолдуксуз ишке ашыруусуна мүмкүнчүлүк берет. Добуш берүү жол-жоболору натыйжалуу, акционерлер үчүн ыңгайлуу болот жана добуш берүүгө катышууга тоскоолдук жаратпайт, кошумча чыгымдарга алып келбейт.

3.11. Директорлор Кеңешин түзүү, анын сандык жана жеке курамын өзгөртүү укугу Жалпы

соответствующей доли в уставном капитале Компании.

3.4. Компания не вправе удовлетворять интересы отдельных акционеров, если это приводит к нарушению прав или неправомерному ущемлению интересов других акционеров. Компания обеспечивает всем акционерам возможность эффективной защиты своих прав и возмещения убытков, причиненных нарушением их прав со стороны Компании.

3.5. Компания создает акционерам благоприятные условия для участия в Общем Собрании Акционеров, включая возможность выработки совместной позиции, координации действий и выражения своего мнения по всем вопросам, вынесенным на голосование.

3.6. Компания устанавливает и соблюдает порядок информирования акционеров о предстоящем Общем Собрании Акционеров, а также порядок и условия предоставления материалов по вопросам повестки дня. Указанный порядок обеспечивает акционерам возможность эффективной подготовки к участию в собрании и задавать вопросы Компании на всех этапах подготовки. Информация об указанном порядке является общедоступной.

3.7. Компания предоставляет акционерам своевременную и полную информацию о дате, времени и месте проведения Общего Собрания Акционеров, а также его повестке дня и материалы, необходимые для формирования обоснованного мнения по каждому вопросу повестки дня. Уведомление акционеров о проведении Общего Собрания Акционеров осуществляется в соответствии с Законом Кыргызской Республики «Об акционерных обществах».

3.8. Компании не препятствует взаимодействию акционеров при подготовке к Общему Собранию Акционеров.

3.9. Порядок проведения Общего Собрания Акционеров обеспечивает равные возможности для всех присутствующих: высказывать свое мнение, задавать вопросы, принимать участие в голосовании.

3.10. Компания обеспечивает каждому акционеру или его уполномоченному представителю, обладающему правом голоса, возможность беспрепятственно реализовать это право. Процедуры голосования являются эффективными, удобными для акционеров и не создают препятствий или дополнительных расходов для участия в голосовании.

3.11. Право формировать Совет Директоров, изменять его количественный и персональный

Акционерлер Чогулушунун өзгөчө компетенциясы болуп саналат. Акционерлердин Директорлор Кеңешинин сандык курамын, ыйгарым укуктарынын мөөнөтүн аныктоого, анын мүчөлөрүн шайлоого жана алардын ыйгарым укуктарын токтотууга, ошондой эле Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүнө кызматтык милдеттерин аткарганы үчүн төлөнө турган сый акынын өлчөмүн жана шарттарын аныктоого мүмкүнчүлүгү бар.

3.12. Акционерлер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын сактоо менен Жалпы Акционерлер Чогулушунун чечиминде белгиленген өлчөмдөрдө жана мөөнөттөрдө дивиденддерди алуу укугуна ээ. Дивиденддерди төлөө экономикалык жактан негиздүү болушу керек жана Компаниянын ишмердүүлүгүнүн туруктуулугунун начарлашына же Компаниянын төлөөгө жөндөмсүз абалга келишине алып келбеши керек. Компаниянын жана анын акционерлеринин кызыкчылыктарын тең салмактуу эсепке алуу, пайда бөлүштүрүүгө болгон ыкмалар, дивиденддердин көлөмүн аныктоо, аларды төлөө тартиби жана мөөнөттөрү Компаниянын туруктуулугун сактоо жана узак мөөнөттүү максаттарына жетүү үчүн Дивиденддик саясатта аныкталат.

3.13. Акционерлерге дивиденддерден жана жоюу наркынан башка Компаниянын эсебинен киреше алуунун башка жолдорун пайдаланууга тыюу салынат, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынган Компания өз акцияларын кайра сатып алган учурларды кошпогондо.

3.14. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына негизделген же Компаниянын жана/же анын макулдашууларынан (келишимдеринен) келип чыккан милдеттенмелерине байланыштуу чектөөлөр болбогон учурда, акционерлерге өздөрүнө тиешелүү акцияларды эркин жана жөнөкөй өткөрүп берүүгө мүмкүнчүлүк камсыздалат.

3.15. Компания акционердин Компаниянын акцияларына болгон менчик укугун коргоону жана ага тиешелүү акцияларды эркин ээлик кылуу боюнча кепилдик берүүнү камсыз кылат. Акцияларга эркин ээлик кылуу укугу Компаниянын башка акционерлери тарабынан акцияларды артыкчылык менен сатып алуу укугун сактоону камсыз кылган мыйзамдык жоболор менен гана чектелиши мүмкүн.

3.16. Компаниядагы корпоративдик башкаруу системасы бардык акционерлерге — бир түрдөгү акциялардын бардык ээлерине бирдей шарттарды камсыздоого, анын ичинде миноритардык жана чет өлкөлүк акционерлер үчүн Компания тарабынан бирдей мамилени камсыздайт.

состав является исключительной компетенцией Общего Собрания Акционеров. Акционеры имеют возможность участия в определении количественного состава, срока полномочий Совета Директоров, избрании его членов и прекращении их полномочий, а также определении размера и условий выплаты вознаграждения членам Совета Директоров за исполнение их должностных обязанностей.

3.12. Акционеры имеют право получения дивидендов в размерах и в сроки, установленные решением Общего Собрания Акционеров, с соблюдением требований законодательства Кыргызской Республики. Выплаты дивидендов должны быть экономически обоснованы и не должны приводить к ухудшению устойчивости деятельности Компании либо к неплатежеспособности Компании. Сбалансированный учет интересов Компании и ее акционеров, а также подходы к распределению прибыли, механизм определения размера дивидендов, порядок и сроки их выплаты в целях поддержания стабильности и достижение долгосрочных целей Компании устанавливаются в Дивидендной политике.

3.13. Не допускается использование акционерами иных способов получения дохода за счет Компании, кроме дивидендов и ликвидационной стоимости, за исключением регулируемых законодательством Кыргызской Республики случаев выкупа Компанией своих акций.

3.14. Акционерам обеспечена возможность свободного и необременительного отчуждения принадлежащих им акций, при отсутствии препятствий, основанных на требованиях законодательства Кыргызской Республики или других ограничений для Компании и/или его обязательств, основанных на заключенных соглашениях (договорах).

3.15. Компания обеспечивает защиту прав собственности акционера на акции Компании и предоставление гарантий свободы распоряжения принадлежащими ему акциями. Свобода распоряжения акциями может быть ограничена только законодательными положениями, обеспечивающими соблюдения преимущественного права покупки акций другими акционерами Компании.

3.16. Система корпоративного управления в Компании обеспечивает равенство условий для всех акционеров — владельцев акций одного вида, включая миноритарных и иностранных акционеров, и равное отношение к ним со стороны Компании.

3.17. Миноритардык акционерлер акциялардын көзөмөл топтомунун ээлеринин түз же кыйыр түрдө аракеттенген кыянаттык аракеттеринен корголууга жана алардын укуктары бузулган учурда ишенимдүү коргонуу чаралары менен камсыз болушат.

3.18. Акционерлер берилген укуктардан кыянаттык менен пайдаланбоого тийиш. Башка акционерлерге же Компанияга зыян келтирүү максатында жасалган аракеттерге, ошондой эле акционерлердин укуктарын башка түрдө кыянаттыкка пайдалануусуна жол берилбейт.

## 4. ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИ

4.1. Директорлор Кеңеши Компаниянын ишмердүүлүгүнө жалпы, анын ичинде стратегиялык жетекчилик жана көзөмөл жүргүзүү үчүн жетиштүү ыйгарым укуктарга ээ. Атап айтканда, Директорлор Кеңешинин негизги функцияларынын катарына төмөнкү иш багыттары жана корпоративдик чечимдерди кабыл алуу чөйрөлөрү камтылат:

4.1.1. Компаниянын ишмердүүлүгүнүн артыкчылыктуу багыттарын жана өнүктүрүү стратегиясын аныктоо;

4.1.2. Бизнес-планды бекитүү, Компаниянын ишмердүүлүгүнүн негизги көрсөткүчтөрүн аныктоо жана алардын аткарылышына байкоо жүргүзүү;

4.1.3. Компаниядагы тобокелдиктерди башкаруу жана ички көзөмөл системаларын уюштуруу жана алардын иштешине көзөмөл жүргүзүү принциптерин жана ыкмаларын аныктоо;

4.1.4. Ички аудит функциясынын көзкарандысыздыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылуу;

4.1.5. Ири инвестициялык долбоорлорду жана Компаниянын башка негизги стратегиялык долбоорлорун бекитүү жана алардын натыйжалуу ишке ашырылышына байкоо жүргүзүү;

4.1.6. Башкы директорду шайлоо, анын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө жана ишмердүүлүктүн мураскорлугун пландоо;

4.1.7. Башкы директорго жана Компаниянын башка негизги кызматкерлерине сый акы берүү маселелери боюнча Компаниянын саясатын аныктоо;

4.1.8. Башкаруу органдарынын жана кызматтык жактарынын, акционерлердин жана Компания кызматкерлеринин катышуусундагы ички талаштардын алдын алуу, аныктоо жана жөнгө салуу;

4.1.9. Компаниянын ишмердүүлүгүнүн айкындыгын, маалыматты өз убагында жана толук ачыктоону, акционерлерди маалымдоо тартибин камсыз кылуу;

4.1.10. Ушул Кодекстин жоболорунун жана Компаниянын ишкердик этика жаатындагы

3.17. Миноритарные акционеры защищены от злоупотреблений со стороны держателей контрольного пакета акций, действующих прямо или опосредованно, и обеспечены действенными средствами защиты в случае нарушения их прав.

3.18. Акционеры не должны злоупотреблять предоставленными им правами. Не допускаются действия акционеров, осуществляемые с намерением причинить вред другим акционерам или Компании, а также иные злоупотребления правами акционеров.

## 4. СОВЕТ ДИРЕКТОРОВ

4.1. Совет Директоров обладает достаточными полномочиями для осуществления общего, в том числе стратегического, руководства и контроля за деятельностью Компании. В частности, в число основных функций Совета Директоров включены следующие направления деятельности и сферы принятия корпоративных решений:

4.1.1. Определение приоритетных направлений деятельности Компании и стратегии развития Компании;

4.1.2. Утверждение бизнес-планов, определение и мониторинг достижения ключевых показателей деятельности Компании;

4.1.3. Определение принципов и подходов к организации и контролю за деятельности за функционированием в Компании систем управления рисками и внутреннего контроля;

4.1.4. Обеспечение независимости и объективности осуществления функции внутреннего аудита;

4.1.5. Утверждение и мониторинг эффективной реализации крупных инвестиционных проектов и других ключевых стратегических проектов Компании;

4.1.6. Избрание, контроль деятельности и планирование преемственности деятельности Генерального Директора;

4.1.7. Определение политики Компании по вопросам вознаграждения Генерального Директора и иных ключевых работников Компании;

4.1.8. Предупреждение, выявление и урегулирование внутренних конфликтов с участием органов управления и должностных лиц, акционеров и работников Компании;

4.1.9. Обеспечение прозрачности деятельности Компании, своевременности и полноты раскрытия информации, порядка информирования акционеров;

4.1.10. Контроль за соблюдением положения настоящего Кодекса и корпоративных

корпоративдик стандарттарынын сакталышына көзөмөл жүргүзүү, Компанияда корпоративдик башкаруунун тийиштүү деңгээлин камсыз кылуу;

4.1.11. Компания тарабынан ири бүтүмдөрдү жана аткарылуусунда кызыкчылыктар болгон бүтүмдөрдү түзүү жөнүндө чечим кабыл алуу;

4.1.12. Компаниянын тышкы аудитору менен өз ара аракеттенүү.

4.2. Директорлор Кеңешинин ишмердүүлүгүнүн айкындыгы маалыматты толук жана өз убагында ачыктоо, акционерлерди маалымдоо, ошондой эле Төраганын жана Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүнүн акционерлер менен баарлашуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу менен камсыздалат.

4.3. Директорлор Кеңеши өз ишмердүүлүгү тууралуу акционерлерди кабардар кылат. Директорлор Кеңешинин жылдык отчетунда Директорлор Кеңешинин иш тартиби жөнүндө маалымат, анын ичинде жыл ичинде өткөрүлгөн Директорлор Кеңешинин жана анын Комитеттеринин отурумдарынын саны, өткөрүлүү формасы, отурумдарга катышкан мүчөлөрдүн чечим кабыл алууга катышуусу тууралуу маалымат ачыкталат.

4.4. Акционерлердин Директорлор Кеңешинин компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча Директорлор Кеңешинин Төрагасына суроолорду берүүгө, ошондой эле өзүнүн пикирин (позициясын) ага Корпоративдик катчы, Компаниянын кеңсеси же алар үчүн ыңгайлуу жана жөнөкөй башка жол менен жеткирүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Мындай байланыш ыкмаларын колдонуу мүмкүнчүлүктөрү жана тартиби акционерлерге тиешелүү маалыматты жеке кайрылуу же башка жол менен жайгаштыруу аркылуу түшүндүрүлөт.

4.5. Директорлор Кеңешинин жеке курамы анын ар бир мүчөсүнүн көзкарандысыз пикир айтуусун камсыз кылуучу көндүмдөрдүн, тажрыйбанын, билимдин, жеке сапаттардын жана гендердик ар түрдүүлүктүн балансынын сакталышы менен, ошондой эле Директорлор Кеңеши тарабынан Компаниянын жана акционерлердин кызыкчылыгында көзкарандысыз, объективдүү жана натыйжалуу чечимдерди кабыл алуусун камсыз кылуусу менен түзүлөт.

4.6. Директорлор Кеңешине кемчиликсиз ишкердик жана жеке абройго ээ болгон, ошондой эле Директорлор Кеңешинин функцияларын аткаруу үчүн зарыл болгон билимге, көндүмдөргө жана тажрыйбага ээ жактар шайланат.

4.7. Директорлор Кеңешине эки жыныстын өкүлдөрүн (атап айтканда, эркектерди жана аялдарды) шайлоо, Директорлор Кеңешинин

стандартов Компании в области деловой этики, обеспечение надлежащего уровня практики корпоративного управления в Компании;

4.1.11. Принятие решений о совершении Компанией крупных сделок, сделок с наличием заинтересованности в их совершении;

4.1.12. Взаимодействие с внешним аудитором Компании.

4.2. Прозрачность деятельности Совета Директоров обеспечивается полным, своевременным раскрытием информации и информированием акционеров о работе Совета Директоров, а также доступностью Председателя и членов Совета Директоров для общения с акционерами.

4.3. Совет Директоров информирует акционеров о своей деятельности. В годовом отчете Совета Директоров раскрывается информация о процедурах работы Совета Директоров, включая информацию о количестве заседаний Совета Директоров и его Комитетов, проведенных в течение года, с указанием формы проведения заседания и сведений о присутствии членов Совета Директоров на этих заседаниях и их участии в принятии решений Совета Директоров.

4.4. Акционеры имеют возможность задавать вопросы Председателю Совета Директоров по вопросам компетенции Совета Директоров, а также доводить до него свое мнение (позицию) по этим вопросам через Корпоративного секретаря, канцелярию Компании или иным доступным и необременительным для них способом. Возможности и порядок использования таких способов коммуникации разъяснены акционерам размещением соответствующей информации при личном обращении или иным образом.

4.5. Персональный состав Совета Директоров формируется с соблюдением баланса навыков, опыта, знаний, личностных характеристик и гендерного разнообразия состава его членов, обеспечивающих независимость суждений каждого из них, а также принятие Советом Директоров независимых, объективных и эффективных решений в интересах Компании и акционеров.

4.6. В Совет Директоров избираются лица, имеющие безупречную деловую и личную репутацию и обладающие необходимыми для осуществления функций Совета Директоров знаниями, навыками и опытом.

4.7. Избрание членами Совета Директоров представителей обоих полов (в частности, и мужчин, и женщин), обеспечивая гендерное

курамында гендердик ар түрдүүлүктү жана эки жыныстын тең салмактуу өкүлчүлүгүн камсыз кылуу, корпоративдик башкаруунун мыкты практикаларынын сунуштарына туура келет. Директорлор Кеңешинин жеке курамын түзүүдө талапкерлердин билим деңгээли, кесиптик көндүмдөрү жана тажрыйбасы салыштырмалуу бирдей болгон учурда, Директорлор Кеңешинин жеке курамынын тең салмактуу гендердик ар түрдүүлүгүнө артыкчылык берилет.

4.8. Директорлор Кеңешинин мүчөсүнүн жеке жана кесиптик сапаттары жана анын аброю, ал тарабынан Компаниянын жана анын бардык акционерлеринин узак мөөнөттүү кызыкчылыктарында (Компаниянын наркын келечекте узак мөөнөттүү жогорулатуу жагынан), объективдүүлүктү жана пикирлеринде көзкарандысыздыкты сактоо менен иш алып баруусуна күмөн жаратпайт.

4.9. Директорлор Кеңешинин мүчөсүндө кызыкчылыктардын кагылышынын болушу анын Компаниянын кызыкчылыгында иш алып бараарына шек жаратуусуна негиз болуп саналат. Буга байланыштуу, Компания менен атаандаш болгон юридикалык жактын акционери же кызматкери болгон жакты Директорлор Кеңешине шайлоого сунушталбайт.

4.10. Компанияда, акционерлерге талапкерлер тууралуу жетиштүү маалымат алуу жана белгилүү бир талапкерге добуш берүү чечимин кабыл алуусуна мүмкүнчүлүк берүүчү Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүн шайлоонун айкын жол-жобосу түзүлөт.

4.11. Директорлор Кеңешинин сандык курамы, Компаниянын миноритардык акционерлерине өздөрү добуш берген талапкерлерди шайлоого мүмкүнчүлүк бере тургандай аныкталган.

4.12. Директорлор Кеңешинин сандык курамы, Компанияда белгиленген сандык жана квалификациялык талаптарга ылайык Директорлор Кеңешинин комитеттерин түзүүгө да мүмкүндүк берет.

4.13. Компания Директорлор Кеңешинин сандык курамын аныктоодо анын мүчөлөрүнүн саны жемиштүү, конструктивдүү талкуу жүргүзүүгө, тез жана негизделген чечимдерди кабыл алууга, ошондой эле Директорлор Кеңешинин комитеттеринин натыйжалуу ишин уюштурууга жетишерлик болуусун карайт.

4.14. Директорлор Кеңешинин сандык курамы Компаниянын ишмердүүлүгүнүн көлөмүн, бизнестин муктаждыктарын, учурдагы

разнообразие состава Совета Директоров и сопоставимое представительство обоих полов в Совете Директоров, соответствует рекомендациям передовой практики корпоративного управления. При сопоставимости уровня образования, профессиональных навыков и опыта кандидатов в члены Совета Директоров при формировании персонального состава Совета Директоров делается выбор в пользу сбалансированного гендерного разнообразия персонального состава Совета Директоров.

4.8. Личные и профессиональные качества члена Совета Директоров и его/ее репутация не вызывают сомнений в том, что он/она будет действовать в интересах Компании и долгосрочных интересах всех его акционеров (с точки зрения повышения стоимости Компании в долгосрочной перспективе), проявляя объективность и независимость в суждениях.

4.9. Наличие у члена Совета Директоров конфликта интересов является веским основанием сомневаться в том, что он/она будет действовать в интересах Компании. В связи с этим в Совет Директоров не избирается лицо, являющееся акционером или занимающее должности в органах/являющееся работником юридического лица, конкурирующего с Компанией.

4.10. В Компании создана прозрачная процедура избрания членов Совета Директоров, позволяющая акционерам получать информацию о кандидатах, достаточную для принятия решения о голосовании за того или иного кандидата.

4.11. Количественный состав Совета Директоров определен таким образом, чтобы обеспечивать возможность миноритарным акционерам Компании избирать кандидатов, за которых они голосуют.

4.12. Количественный состав Совета Директоров позволяет формировать Комитеты Совета Директоров в соответствии с установленными в Компании количественными и квалификационными требованиями относительно членства в соответствующих Комитетах.

4.13. При определении количественного состава Совета Директоров, Компания исходит из того, чтобы количество его членов позволяло Совету Директоров наладить плодотворную, конструктивную дискуссию, принимать быстрые и взвешенные решения, а также организовать эффективную деятельность комитетов Совета Директоров.

4.14. Количественный состав Совета Директоров устанавливается с учетом масштабов деятельности, потребностей бизнеса, текущих

тапшырмаларды, өнүгүү стратегиясын жана каржылык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен бекитилет.

4.15. Директорлор Кеңешинин мүчөлөрү жамаат катары жана ар бири өзүнчө мүчө катары кесиптик жана көзкарандысыз пикирлерине таянып, өздөрүнүн милдеттерин тийиштүү деңгээлде аткарууга жөндөмдүү жактар катары акционерлердин ишенимине ээ жана Директорлор Кеңешинин мүчөсү катары өз милдеттерин аткаруу менен байланышкан аракеттери/аракетсиздиги үчүн жоопкерчилик тартышат.

4.16. Директорлор Кеңешинин курамына кабыл алынган чечимдердин негиздүүлүгүн жана көзкарандысыздыгын, ошондой эле бардык акционерлерге адилет мамиле жасоону камсыз кылуу үчүн жетиштүү санда көзкарандысыз мүчөлөр кирет.

4.17. Эгерде Компания, көзөмөлдөөчү акционер же Компаниянын жетекчилиги менен кызыкчылыктардын кагылышын жарата турган жана анын Директорлор Кеңешиндеги кызматтык милдеттерин аткарууда объективдүүлүгүнө жана көз карандысыз чечим кабыл алуусуна таасир эте турган ишкерлик, үй-бүлөлүк же башка мамилелер менен байланыштуу болбосо, Компаниянын Директорлор Кеңешинин мүчөсү көз карандысыз деп эсептеле алат.

4.18. Директорлор Кеңешинин мүчөсү төмөнкү шарттардын бардыгы сакталган учурда гана көз карандысыз деп эсептелиши мүмкүн:

4.18.1. Компаниянын аткаруучу органына же жекече аткаруучу органына, же Компаниянын аффилирленген тарап болуп эсептелген уюмдун аткаруучу органына мүчө эмес жана Директорлор Кеңешине шайланууга чейинки акыркы беш жыл ичинде мындай кызматты ээлеген эмес;

4.18.2. Компаниянын же Компаниянын аффилирленген тараптарынын кызматкери эмес жана Директорлор Кеңешине шайланууга чейинки акыркы үч жыл ичинде кызматкер болуп иштеген эмес;

4.18.3. Компаниянын Директорлор Кеңешинин мүчөсү катары алган сый акыдан башка Компаниядан же Компаниянын аффилирленген тараптарынан кошумча акы албайт;

4.18.4. Компаниянын көзөмөлдөөчү же башка ири акционеринин өкүлү же эч кандай жол менен кызыкчылыктарын өкүлдөгөн эмес.

4.18.5. Ал Директорлор Кеңешине шайланууга чейинки акыркы жыл ичинде Компания менен же Компаниянын аффилирленген тараптары менен түз же кыйыр түрдө, шерик, акционер,

задач, стратегии развития и финансовых возможностей Компании.

4.15. Члены Совета Директоров как коллектив, а также каждый из членов Совета Директоров в отдельности, пользуются доверием акционеров в качестве лиц, способных надлежащим образом исполнять должностные обязанности на основе своих профессиональных и независимых суждений и несут ответственность за свои действия/бездействие, связанные с исполнением обязанностей членов Совета Директоров.

4.16. В состав Совета Директоров входят независимые члены Совета Директоров в количестве, достаточном для обеспечения обоснованности и независимости принимаемых решений и справедливого отношения ко всем акционерам.

4.17. Член Совета Директора может считаться независимым только в том случае, если он не связан с Компанией, контролирующим акционером или руководством Компании деловыми, семейными или иными отношениями, которые создают конфликт интересов и могут повлиять на объективность и независимость суждения такого директора при исполнении им должностных обязанностей в Совете Директоров.

4.18. Член Совета Директоров может считаться независимым при соблюдении следующих условий в совокупности:

4.18.1. не является членом исполнительного органа или единоличным исполнительным органом Компании, или организации, являющейся аффилированным лицом Компании, и не занимал такую должность в течение пяти лет, предшествующих его избранию в Совет Директоров Компании;

4.18.2. не является и в течение трех лет, предшествовавших его/ее избранию в Совет Директоров Компании, не являлся работником Компании или аффилированного лица Компании;

4.18.3. не получает дополнительное вознаграждение от Компании или аффилированного лица Компании, за исключением вознаграждения, получаемого им в качестве члена Совета Директоров Компании;

4.18.4. не является представителем или не представляет каким-либо образом интересы контролирующего или иного крупного акционера Компании;

4.18.5. не имел в течение предыдущего года деловых отношений с Компанией или аффилированным лицом Компании, напрямую или косвенно в качестве партнера, акционера,

директор же Компания менен мындай мамилеси бар уюмдун жетекчи кызматкери катары ишкердик мамиледе болбогон жана Компаниянын маанилүү кардары болгон эмес (бул жерде ишкердик мамилелерге негизги товарлар же кызматтардын камсыздоочусу катары түзүлгөн мамилелер кирет, анын ичинде, бирок муну менен чектелбестен, каржы, юридикалык жана консалтинг кызматтары).

4.18.6. Директорлор Кеңешине шайланууга чейинки акыркы үч жыл ичинде Компаниянын тышкы аудитору менен шерик же кызматкер болгон эмес.

4.18.7. Компаниянын Башкы Директору Директорлор Кеңешинин мүчөсү болгон башка уюмда аткаруучу органдын мүчөсү, жекече аткаруучу орган же аткаруучу директор эмес жана башка юридикалык жактарда же алардын органдарында катышуу аркылуу Компаниянын Башкы Директору менен башка маанилүү байланышы жок.

4.18.8. Компаниянын Директорлор Кеңешинин көз карандысыз мүчөсү катары үзгүлтүксүз тогуз жылдан ашык кызмат кылган эмес.

4.18.9. Башкы Директордун жакын тууган эмес (жубайы, ата-энеси, анын ичинде асырап алган ата-эне, балдары);

4.18.10. Ал Директорлор Кеңешине шайланууга чейинки акыркы беш жыл ичинде Компаниянын аткаруучу органын аткарган юридикалык жактын мүчөсү, башкаруучу органынын мүчөсү же башка негизде аффилирленген тарап болгон эмес.

4.19. Директорлор Кеңешинин жалпы мүчөлөрүнүн кеминде үчтөн бири көз карандысыз мүчөлөрдөн түзүлөт.

4.20. Директорлор Кеңеши талапкерлердин көзкарандысыздык критерийлерине шайкештигин үзгүлтүксүз баалап турушу жана шайланган мүчөлөрдүн көзкарандысыздык критерийлерине шайкештигин көзөмөлдөп турат.

4.21. Көз карандысыз Директорлор Кеңешинин мүчөлөрү өз көз карандысыздыгын мөөнөт сайын ырастап турушат. Көз карандысыз мүчөлөр ар жыл сайын бекитилген форма боюнча Директорлор Кеңешине өздөрүнүн көз карандысыздык критерийлерине ылайыктуулугун тастыктоочу билдирүү бериши керек жана мындай критерийлерге ылайык келбеген учур жаралса, Компанияга кабар беришет.

директора или руководящего сотрудника организации, имеющей такие отношения с Компанией, не являлся существенным клиентом Компании (в данном случае деловые отношения включают отношения, вытекающие из статуса существенного поставщика товаров или услуг, включая, но не ограничиваясь финансовыми, юридическими, консультационными услугами);

4.18.6. не являлся в течение трех лет, предшествующих его/ее избранию в Совет Директоров Компании, партнером или сотрудником внешнего аудитора Компании;

4.18.7. не является членом исполнительного органа или единоличным исполнительным органом, исполнительным директором в другой организации, в которой Генеральный Директор Компании является членом Совета Директоров, и не имеет других существенных связей с Генеральным Директором Компании посредством участия в других юридических лицах или их органах;

4.18.8. не является членом Совета Директоров Компании в качестве независимого члена Совета Директора более девяти лет подряд;

4.18.9. не является близким родственником Генерального Директора (супруг(а), родители, в том числе усыновители(удочерители), дети);

4.18.10. не является и в течение пяти лет, предшествующих его избранию в Совет Директоров Компании, не являлся участником, членом органа управления или аффилированным лицом по иным основаниям того юридического лица, которые исполняют функции исполнительного органа Компании по договору с Компанией.

4.19. Не менее одной трети от общего количества членов Совета Директоров являются независимыми членами Совета Директоров.

4.20. Совет Директоров на регулярной основе проводит оценку соответствия кандидатов в члены Совета Директоров критериям независимости, а также осуществлять мониторинг соответствия избранных независимых членов Совета Директоров таким критериям.

4.21. Независимые члены Совета Директоров периодически подтверждают свою независимость. Независимые члены Совета Директоров ежегодно по утвержденной форме предоставляют Совету Директоров заверение о их соответствии критериям независимости, а также информируют Компанию в случае возникновения несоответствия таким критериям.

4.22. Акционерлердин Жалпы Чогулушу Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүн айкын жана атаандаштыкка негизделген жол-жоболордун негизинде, талапкерлердин компетенциясын, көндүмдөрүн, жетишкендиктерин, ишкердик аброюн жана кесиптик тажрыйбасын эске алуу менен шайлайт.

4.23. Директорлор Кеңешинин шайланган курамынын мөөнөтү шайланган күндөн тартып үч жылды түзөт. Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүнүн ишмердүүлүгүнүн натыйжалары канааттандырарлык шартында, Директорлор Кеңешинин учурдагы курамы толугу менен же жарым-жартылай кийинки мөөнөткө кайра шайланышы мүмкүн. Бир эле жакты Директорлор Кеңешине тогуз жылдан ашык мөөнөткө шайлоо Директорлор Кеңешинин курамын сапаттуу жаңылоонун зарылдыгын эске алуу менен каралат.

4.24. Директорлор Кеңеши жаңы шайланган мүчөлөрдү кызматка киргизүү программасын жана ар бир мүчө үчүн кесиптик өнүгүү программасын иштеп чыгат жана бекитет. Корпоративдик катчы бул программалар белгиленген талаптарга ылайык тийиштүү түрдө ишке ашырылып жаткандыгын көзөмөлдөйт.

4.25. Директорлор Кеңешинин Төрагасы Директорлор Кеңешинин ишмердүүлүгүн уюштурууга жана жалпы уюштуруучулук жетекчиликке жооптуу, Директорлор Кеңешинин негизги функцияларын толук жана натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылат жана Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүнүн, Акционерлердин жана Башкы Директордун ортосунда конструктивдүү диалог курулушуна шарт түзөт.

4.26. Директорлор Кеңешинин Төрагасынын ролу жана функциялары Компаниянын ички документтеринде бекитилет.

4.27. Директорлор Кеңешинин Төрагасы катары Директорлор Кеңешинин көз карандысыз мүчөсү шайланат.

4.28. Компанияда Директорлор Кеңешинин Төрагасы өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруусун мезгил-мезгили менен баалоо жол-жобосу иштейт. Мындай баалоо Директорлор Кеңешинин ишмердүүлүгүн жалпылай жана Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүнүн ар бирин жекече баалоо/өзүн-өзү баалоонун алкагында өткөрүлөт.

4.29. Директорлор Кеңешинин мүчөлөрү Компаниянын жана бардык акционерлердин кызыкчылыктарын, ошондой эле кызыкдар тараптардын кызыкчылыктары тең деңгээлде эске алуу менен, тийиштүү маалымдуулук, зарыл деңгээлде камкордук жана этияттык

4.22. Общее Собрание Акционеров избирает членов Совета Директоров на основе ясных и прозрачных процедур, на конкурентной основе, с учетом компетенций, навыков, достижений, деловой репутации и профессионального опыта кандидатов.

4.23. Срок действия избранного состава Совета Директоров составляет три года со дня избрания. При условии удовлетворительных результатов деятельности членов Совета Директоров, действующий состав Совета Директоров полностью или в части может быть переизбран на следующий срок. Избрание одного и того же лица в состав Совета Директоров на срок больше девяти лет подряд рассматривается с учетом необходимости качественного обновления состава Совета Директоров.

4.24. Совет Директоров разрабатывает и утверждает программу введения в должность вновь избранных членов Совета Директоров и программу профессионального развития для каждого члена Совета Директоров. Корпоративный секретарь следит, чтобы эти программы осуществлялись надлежащим образом в соответствии с установленными требованиями.

